18. Kantarcı, D. (2009). Evli Bireylerin Bağlanma Stillerine Göre Adatma Eğilimleri ve Çatışma Yönetim Biçimlerinin İncelenmesi [Yüksek Lisans Tezi]. İstanbul Üniversitesi.
19. Özteke, H. İ. (2015). Bağlanma, Eş Seçiminde Sınırlandırıcı İnançlar ve Beden İmgesi Baş Etme Stratejilerinin Romantik İlişkilerde Mükemmeliyetçiliği Yordaması [Doktora Tezi]. Necmettin Erbakan Üniversitesi.
20. Perçin, B. (2023). Romantik İlişkilerde Bağlanma Stilleri ile Aldatmaya yönelik Niyet Arasındaki İlişkinin İncelenmesi [Yüksek Lisans Tezi]. İstanbul Nişantaşı Üniversitesi.
21. Soysalı, A. Ş., Bodur, Ş., İşeri, E., & Şenol, S. (2005). Bebeklik Dönemindeki Bağlanma Sürecine Genel Bir Bakış. Turkısh Journal Clinical Psychiatry, 8(2), 88-99.
22. Sümer, S. (2017). Romantik İlişkilerde Bağlanma Stilleri, Romantik Kıskançlık ve İlişki Doyumu Arasındaki İlişkinin İncelenmesi [Yüksek Lisans Tezi]. Hasan Kalyoncu Üniversitesi.
23. Uzun, K. N. (2017). Bağlanma Stilleri ile Evlilikte İlişki İstikrarı Arasındaki İlişkinin İncelenmesi [Yüksek Lisans Tezi]. İstanbul Ticaret Üniversitesi.
24. Yılmaz, Z. (2024). Beliren Yetişkinlikte Reddedilme Duyarlılığı: Algılanan Ebeveyn Tutumları, Romantik İlişkilerde Bağlanma Stilleri ve Algılanan Sosyal Destek İlişkisinin İncelenmesi [Yüksek Lisans Tezi]. Bahçeşehir Üniversitesi.

**УДК 372.878**

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН АР ТАРАПТУУ ӨНҮГҮҮСҮНӨ МУЗЫКА САБАГЫНЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ
# ВЛИЯНИЕ УРОКА МУЗЫКИ НА ВСЕСТОРОННЕЕ РАЗВИТИЕ ШКОЛЬНИКОВ
# THE INFLUENCE OF MUSIC LESSONS ON THE ALL-ROUND DEVELOPMENT OF SCHOOLCHILDREN

**Абдилатипов Суйунтбек Мусаевич**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети, окутуучу suiuntbek@mail.ru**
**Омошева Гүлзина,**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети, магистрант**

***Аннотация***. *Бул макалада мектепте өтүлүүчү музыка сабагындагы эске алынуучу бир канча эрежелер, окуучулардын, мугалимдердин ишемрдүүлүктөрү каралды. Ар бир бала таланттуу, айрыкча кээде тубаса музыкага шыктуу, жөндөмдүү балдар кездешет. Алардын жөндөм- шыгын билип, андан ары өркүндөтүү музыка мугалиминин негизги милдети. Музыка сабагы окуучуларды ар атараптан өнүктүрүүчү болуп саналат. Окуучуларга үйрөтүлүүчү сабактагы эрежерлер көрсөтүлдү. Музыка эстетикалык тарбияны ишке ашыруунун негизги жолдорунун бири катары музыка мугалими менен окуучунун өз ара аракеттенүүсүнө толук мүмкүнчүлүк бери айтылды. Мугалимдердин интерактивдүү кырдаалды оптималдаштырып, классты кайра түзүшү керектиги, эркин жана жандуу атмосфераны түзүү, окуучуларды катышууга ынтызар кылып, ар бир музыкалык класста жаңы жандуу күчтөрдү тартуулоо керектиги сунушталды. Музыканын балдардын ар тараптан өнүктүрүүсү белгиленди.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Музыка, окуучулар, сабак, мугалим, когнитивдик өнүгүү, социалдык көндүм, чыгармачыл ой жүгүртүү.*

***Аннотация.*** *В данной статье были рассмотрены некоторые правила, которые следует учитывать на уроках музыки в школе, ожидания учащихся и учителей. Каждый ребенок талантлив, особенно иногда встречаются дети, рождающиеся с музыкальными способностями. Знание своих способностей и дальнейшее их совершенствование – основная задача учителя музыки. Урок музыки – это всестороннее развитие учащихся. Учащимся были показаны правила урока. Было сказано, что музыка как один из основных способов реализации эстетического воспитания предоставляет полную возможность взаимодействия учителя музыки и ученика. Было предложено, чтобы учителя оптимизировали интерактивную ситуацию и реорганизовали класс, создали свободную и оживленную атмосферу, вызвали у*

*учащихся желание участвовать и привнесли новую жизненную силу на каждом музыкальном уроке. Отмечено музыкальное развитие детей во всех аспектах.*

***Ключевые слова:*** *Музыка, ученики, урок, учитель, когнитивное развитие, социальные навыки, творческое мышление и т. д.*

***Abstract.*** *In this article, some rules that should be taken into account in music lessons at school, students' and teachers' expectations were considered. Every child is talented, especially sometimes there are children who are born with musical talent. Knowing their abilities and improving them further is the main task of a music teacher. Music lesson is a comprehensive development of students. Students were shown the rules of the lesson. Music, as one of the main ways to implement aesthetic education, was said to provide full opportunity for interaction between the music teacher and the student. It was suggested that teachers should optimize the interactive situation and reorganize the classroom, create a free and lively atmosphere, make students eager to participate, and present new vitality in each music class. Children's development of music in all aspects was noted.*

***Keywords:*** *Music, students, lesson, teacher, cognitive development, social skills, creative thinking, etc.*

Музыка баланын сезимдерине түздөн-түз таасир этип, анын адеп-ахлактык мүнөзүн калыптандырат. Балдарды ар кандай эмоционалдык жана образдуу мазмундагы чыгармалар менен тааныштыруу менен биз аларды эмпатияга үндөйбүз. Балдар музыканы жалпы адамзаттык баалуулуктарга ылайык түшүнүп, «Бизди курчап турган дүйнөдө чындык, жакшылык жана сулуулук деген эмне?» деген суроого жооп табууга аракет кылышат. Башкача айтканда, сабактарда биринчи кезекте баланын ички дүйнөсүн калыптандыруу, анын адеп-ахлактык ишенимин, жарандык позициясын: үй-бүлөгө, жакындарына, мекенине жана башкаларга болгон мамилеси, анын бул дүйнөдөгү ордун жана ролун түшүнүүсүн арттыруу болуп саналат. «Музыка» предметинин максаты эмнеде? Орто мектептеги музыка сабагынын максаты окуучулардын музыкалык маданиятын алардын руханий маданиятынын зарыл бөлүгү катары тарбиялоо болуп саналат.

Негизги компетенциялардын сунушу бизге предметтик билимдер менен көндүмдөрдүн чегинен чыгып, чындап эле предметтин артындагы «адамдарга» көңүл бурууну баштоого мүмкүндүк берет, ошону менен ар бир адам чындап өзүн бактылуу кыла ала турган жана башкаларды бактылуу кыла алган адам боло алат. Музыкалык билим берүүнүн артыкчылыгы билимди жана көндүмдөрдү өткөрүп берүүдө гана эмес, мугалимдер менен окуучулардын ортосундагы өз ара өсүү процессинде да жатат. Мугалимдер катары биз интерактивдүү кырдаалды оптималдаштырып, класссты кайра түзүшүбүз керек, эркин жана жандуу атмосфераны түзүү, окуучуларды активдүү катышууга ынтызар кылып, ар бир музыкалык сабакта жаңы инновацияны тартуулашыбыз керек. Мугалимдер менен окуучулардын ортосундагы өз ара агартуу, мотивациялоо, ойготуу, аркылуу окуучулар окуунун жаңы ыкмаларында өмүр бою билим алуу каалоосун жана жөндөмүн өөрчүтүүгө багытталышы керек.

Мектепте эстетика жаатындагы сабактардын ичинен музыка орчундуу мааниге ээ. Ал мектепте жалпы билим берүү системасынын ажырагыс бир бөлүгү. Жаш өспүрүмдөрдү музыкалык жактан тарбиялоонун негизги милдети- алардын музыкага болгон шыгын ойготуу, зээндүүлүгүн, кызыгуусун, кабылдоо жөндөмдүүлүгүн арттыруу, дүйнөгө болгон көз карашын байытуу, өнүккөн билимдүү адамды тарбиялоо.[2,3]

Биринчи класста окуунун биринчи күнүнөн тартып эле, окуучулар менен таанышып жана аларды алдын-ала музыкалык жөндөмдүүлүктөрүн текшерүүдөн кийин мугалим балдарга үн жөнүндө айтып берүүсү зарыл. Бул аңгемелешүүнү мугалим балдарга тил менен мындайча баштаса болот. Бул деген биздин үнүбүз, добушубуз. Ал эми биздин сүйлөөдөгү жана ырдоодогу чыккан үнүбүз - бул жаратылыштын биз үчүн берген баа жеткис чоң белеги. Бирок балдар, ар бир адамдын үнү бирдей боло албайт. Бирөөнүн үнү тубаса эле эң жакшы кооз болсо, башкасыныкы андай эмес башкача болот. Ал эми үнү начар адам жакшы,

уккулуктуу ырдоону үйрөнө албайт экен деп түшүнүүгө болбойт. Бул жаңылыштык. Кээ бир адамдар өзүлөрүнүн тубаса жакшы уккулуктуу үндөрүн туура пайдаланыша албай, үндөрүн жоготуп да коюшат. Ал эми кээ бир үндөрү тубаса начар адамдар болсо ырдоонун эрежелерин жакшы үйрөнүп, үндөрүн жакшы тарбиялап жакшы ырчы, артист боло алышат. Адамдын үнү бул жандуу өтө назик аспап болуп саналат. Ал болсо адамдын жалпы өсүүсү менен кошо өсүп өнүгөт. Ошондуктан өз үнүңөрдү кылдат сактай билгиле. Эми балдар, адамдын колу, буту жана бүтүндөй эле анын тулку бою жакшы өнүгүп өсүшү үчүн физкультура сабагында түрдүү спорттук көнүгүүлөрдү жасагандай, бул музыка жана ырдоо сабагында да ырды үйрөнүүнүн негизинде жакшы, кооз, назик үн менен ырдоо үчүн көптөгөн көнүгүүлөрдү жасайсыңар, ырдайсынар.

Ырдоо мезгилинде мугалим балдардын көңүлүн туура, колдорун тизелерине коюп, түз отурууга жана мугалимдин белгиси (колу) боюнча ырдоого, бир учурдан баштап, туура дем алууга буруу керек. Мунун баары тең сабактын башынан аягына чейин балдар үчүн жумуштук кырдаалда түзүп, алардын кыялын ырдоого буруу керек. Ал эми ырларды үйрөнүү - үйрөтүүдө балдардын ырды өздөштүрүүдөгү чыгармачылык ишинде ийгиликке жетүүдөгү ишенимдин фактору болгон принциптерин ар дайым эске тутуп жүрүү зарыл. Ырды үйрөнүүнү баштоо менен эле (ырды угузуу) балдарды ырдатууга кызыктырып, ырды балдардын оюна, көңүлүнө таасир тийгизүү үчүн аракеттенүү керек. Мунун баары мугалимдин өзүнөн гана болот. Ал өзүнүн үн пайдалана билүүсү, аспапта жогорку денгээлде ойной алышы керек. Ал эми мугалим өзү профессионалдык жактан канча кыйын болгон учурда да, ар дайым сабакка чоң даярдык менен келүүсү зарыл. Ырды өзү керектүү деңгээлде ырдап, ырдын маанисин, анын музыкалык образын балдарга түшүндүрө билүү керек. Эгерде мугалим сабакка айтылгандай даярдык менен келбесе, анда эң жакшы ыр да балдардын оюн козгоп, аларды ырдатуу үчүн кош көңүлдүк мамиле кылууну гана түзөт. Балдарга ырды көрсөтүп, угузууда, мугалим анын обонун өзү эң туура ырдоосу керек. Ырдын мазмунун жеткирүү үчүн анын эмоционалдык түзүлүшүн жана ырдын обонунун образдык мазмунун түшүндүргөн гана трактовканы табуу керек. Ал эми өз учурунда трактовка болсо баарынан мурда ырдын (обондун) темпинин тууралыгына, андан керектүү жеринен кичине баш тартууда, үн алып баруунун тигил же бул (легато, нон легато, стакатто) жолдоруна жана ошондой эле керектүү тембрди (жогору жана төмөн багытта ырдоодо, ладтык өзгөрүүлөр ж. б. менен тиешелүү болгон) кадимки вокалдык динамиканы (үндү күчө түү, алсыздандыруу) колдонууга тиешелүү болот. Ырды бүтүндөй үйрөнүүдөн мурда, аны бир нече бөлүп, ар бир бөлүктүн үс түндө атайын иштеп үйрөтүү керек. Ошен тип, ырды көрсөткөндөн кийин мугалим балдарды ырдын түзүлүшү, анын куплети, кайырмасы менен, кээ бир учурда өтө эле кичине обондук бөлүктөр (мотив, аны бе лүп үйрөтүү керек) менен тааныштырат. Мунун баары ырдын сөздөрүн айтууда, ритмде, интонациянын тигиндей же мындай кыйынчылыгындагы көрүнүш болуп турат. Мындан кийин бөлүктөрдү бириктирип, ырды бүтүндөй үйрөтүүгө өтөт. Ал эми ырды бүтүндөй көрсөтүп үйрөтүүдө кошумча катарында ыр тууралу аңгеме, анын мазмунуна тиешелүү сүрөттөрдү көрсөтүүнү колдонууга болот. Бул колдонуу педагогикалык мүнөздөгү кенири максаттардын бири болуп эсептелет. Көп учур ларда мындай аңгеме жасоо балдарга ырды көрсөтүүдөн мурда өткөрүлөт. Мугалим балдарды ырдын мазмунунун негизинде туура келген турмуштагы ар түрдүү көрүнүштөр менен тааныштырат. Ырдоо жана музыка сабактарында мындай аңгеме балдар үчүн алардын үйрөнүп жаткан ырдын мазмунун терең түшүнүү, алардын турмушка болгон көз карашын кеңейтүүсүн, ырды жакшы угуп, керектүү денгээлде ырдап, анын мазмунуна тиешелүү болгон турмуштагы тигил же бул көрүнүштөрдү издөөгө чоң түрткү берет. Мунун баары тен ырды терең, мазмундуу үйрөнүп, аны сонун ырдоого, жогорку сапатта үйрөнүүгө жардам берет. Ал эми ырдын текстин кайрадан айтып берүүнүн кажети жок. Ырдоо жана музыка сабагынын программасына киргизилген ырлардын көпчүлүгү өтө түшүнүктүү, тексти жөнөкөй, аны үйрөнүүдө эч бир кыйынчылык кездешпейт. Кээ бир учурларда гана текстте жолуккан татаал айтылуучу сөздөрдү, анын маанисин гана

түшүндүрүү жетишет. Ошентип музыканын үйрөнүүнүн негизинде окуучуларда ар тараптан өнүгүү калыптанат[1]

Музыка деген эмне?
Музыка – бул аккан суунун шаркыраган добушу,
Музыка – бул күркүрөгөн чагылгандын добушу,
Музыка – бул токой ичи, тоңкулдактын добушу.
Музыка – бул сан түрлөнтүп сайраганы куштардын.
Музыка – бул шуулдагы бак-дарактын, шамалдын.
Музыка – бул ышкырыгы кыш чилдеде аяздын.
Музыка – бул тып-тып эткен жазгы тамчы үндөрү,
Музыка – бул дыбыраган жазгы жамгыр үндөрү. [3,4]

Музыка- мугалимдин дагы бир жооптуу иштеринин бири. Анткени мектеп окуучуларынын ар тараптуу өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизип, алардын жашоосунун жана окуусунун ар кыл жактарына таасир этет. Музыкага шыктуу балдардын жөндөмүн андан ары өнүктүрөт. Эгерде окуучуда талант бар экенин билген мугалим аны мектептеги коомдук иштерге, ар кандай конкурстарга даярдап катыштырса, баланын кызыгуусу артып, дагы да өсөт. Биздин практикада окуучулардын арасында аккардеон, комуз ойногон балдарды иш-чараларга катыштырбай, музыкага болгон кызугуусу төмөндөгөн окуучуларды көрдүк. Мугалим кичинекей бар талантты баалап, мотиватор болуп, алга сүрөш крек. Анткени музыка предмети окуучуларды ар тараптан өнүктүрө алат. Маселен:

1. **Когнитивдик өнүгүү.** Чынында эле, музыканы үйрөнүү мектеп окуучуларынын когнитивдик өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет жана эс тутумду, көңүл бурууну жана концентрацияны жакшыртууга жардам берет:

-Музыкалык иш-аракеттер ноталарды, обондорду жана ритмдерди жаттап алууну талап кылат, бул узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү эстутумду өнүктүрөт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, музыканы окуган окуучу эс тутум боюнча тапшырмаларды жакшы аткарышат;

- Музыкалык аспапта ойноо же хор ырдоосуна катышуу жогорку деңгээлдеги концентрацияны жана көңүл бурууну талап кылат. Бул музыкада гана эмес, башка академиялык дисциплиналарда да пайдалуу болгон концентрация көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет;

- Музыка окуучулардан музыкалык чыгармаларды талдап, алардын түзүлүшүн, обонун жана гармониясын түшүнүүнү талап кылат.

2. **Социалдык көндүмдөр**: Музыкалык топтордо чогуу ойноо же хорлорго катышуу командалык маанайды өнүктүрөт, командада иштөөгө жана башкалардын пикирин урматтоого үйрөтөт:

- Топторго, оркестрлерге же хорлорго катышуу балдардан башкалар менен иштешүүнү талап кылат. Алар бири-бирин угууга, жалпы максатка жетүүгө үйрөнүшөт, бул командалык маанайды жаратат;

- Топто эффективдүү өз ара аракеттенүү үчүн музыканттар өз ойлорун жана сезимдерин так айтууга тийиш. Бул вербалдык жана вербалдык эмес коммуникация көндүмдөрүн өнүктүрөт.

- Музыкалык топтун ар бир мүчөсүнүн оюн жана сезимдерин эске алуу маанилүү. Бул адамдар ортосундагы дени сак мамилелердин маанилүү аспектиси болгон урмат-сый менен түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

- Музыкалык класстар балдарды пикир келишпестиктерди чечүүгө, компромисстерди табууга жана конструктивдүү сынды кабыл алууга үйрөтөт.

- Музыкалык топторго катышуу балдарга ар кандай тек-жайы жана тажрыйбасы бар теңтуштары менен баарлашууга жардам берет, бул айырмачылыктарга сабырдуулукту жана ачыктыкты өрчүтөт.

- Концерттерде ойноо же сынактарга катышуу өзүнө болгон ишенимди өрчүтүүгө жана эл алдында сүйлөөдөн коркуу сезимин жеңүүгө жардам берет, бул социалдык көндүмдөрдү да

жакшыртат. Ошентип, музыка окуучулардын жашоосунун ар кандай аспектилеринде пайдалуу боло турган коомдук көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн күчтүү курал болуп калат.

- Биргелешкен музыкалык чыгармачылык, топторго же ансамблдерге катышуу коммуникация жана кызматташуу көндүмдөрүн өнүктүрөт. Бул балдарга команда болуп иштөөгө жана башкалардын сезимдерин урматтоого үйрөнүүгө жардам берет.

-Музыка балдарга өзүн жана алардын каалоолорун жакшыраак түшүнүүгө жардам берип, өзүн көрсөтүүнүн каражаты болот. Бул өзүнө болгон ишенимди жана позитивдүү өзүн-өзү сыйлоо сезимин өрчүтүүгө жардам берет.

Музыка – бул сыйкырдуу дүйнө! Музыкалык билим алуу менен сен сулуулукка, көркөм, кооз дүйнөгө умтулуп, көңүл ачууга, ойноого, кайгырууга, ойлонууга – жашоого үйрөнөсүң. Себеби, музыка да башка искусство жанрларындай жашоонун чындыгын көркөмдөп чагылдырып, эстетикалык табит тартуулоо менен жан дүйнөңө сүңгүп кирет. [4]

Жыйынтыктап айтканда, мектепте окуу предметтерин ичинде музыка окуучуларды эстетикалык жактан өнүктүрүүчү, талантын ачып берүүчү, ар тараптан өнүктүрүүчү болуп эсептелет.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Н.А.Ветлугина, Медтодика музыкального воспитание в дедском саду, Москва, 1989
2. Б.А.Малдыбаев, Музыка, Фрунзе «Мектеп» 1986
3. Касей М. ж. б. Музыка. Башталгыч мектептин 4-кл. үчүн окуу китеби / М. Касей, К. Шамбетова, А. Шакирова. – Б.: Билим-компьютер, 2015. – 120 б., илл.
4. Муратова А. М., Артыков К. Ж. Музыка: 6-кл.: Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби.– Б.: Билим-компьютер, 2018. – 136 б., илл.
5. Сатиев Т., Хордо ырдоо/Сүрөтчүсү Р.Исаков.-Б.: Адабият, 1991.-72 б.

**УДК: 371.31**

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН ХОРДУК ЧЫГАРМАЛАРДЫ АТКАРУУГА ҮЙРӨТҮҮТҮНҮН ШАРТТАРЫ
# УСЛОВИЯ ОБУЧЕНИЯ ШКОЛЬНИКОВ ИСПОЛНЕНИЮ ХОРОВЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ
# CONDITIONS FOR TEACHING SCHOOLCHILDREN TO PERFORM CHORAL WORKS

**Абдыразакова Клара Сагынбаевна,**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
**klaraabdyrazakova24@gmail.com**
**Магистрант- Хошимжон уулу Омурбек**

***Аннотация:*** *Макалада мектепте окуучуларга үйрөтүү үчүн хордук чыгармаларды тандоону, аткаруу эрежелери, эмнелерди эске алуу керектиги көрсөтүлдү. Балдар хору өзүнүн элпек жана женил, чыгарманы чын жүрөктөн бериле наристелик мүнөз менен жогорку эмоцияда аткаруусу, угуучулардын моокумун кандыра ырдоосу менен кызыктырат. Хордо ырдоого чоңдорду үйрөтүүнүн өзүнчө кыйынчылыктары, ал эми балдар менен иштөөнүн андан да татаал жолдору бар экендиги белгиленди. Хордо ырдоо үчүн сунуш кылынган чыгармаларды мүнөзүнө, мазмунуна ылайык таасирдүү ырдоо. Ал үчүн үндөгү тыбыштардан баштап, тыбыштарды кантип айтуу, тез жана орточо темптеги ырларды аткарууда анын уккулуктуулугуна жетишүү керектиги, ырдагы сөздөрдү так жатка билүү керектиги жана дрижёрлук шилтемдин төрт маанисин түшүнүү талданды. Макаланы мектеп мугалимдери, студенттер пайдаланса болот.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Музыка, хор, окуучулар, обон, ырдоо, мугалим, чыгарма, үн ж.б.*